**ОшМУнун теология факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын**

**№ 4-Токтому**

Төрагасы- З.К. Ажимаматов | Ош шаары, 02.02.2021-ж.

Катчысы- А. Керимкулова

Катышкандар:

1. Абдуганиев А. – Окутуучу жана тышкы байланыштар боюнча декандын орун басары
2. Ажимаматов З.- Декан
3. Арипов Н.- Доцент, илимий иштер боюнча декандын орун басары
4. Жумабаев М.- Окутуучу, жана тарбия иштери боюнча декандын орун басары
5. Жусубалиев А.- Доцент, окуу иштери боюнча декандын орун басары
6. Зууридинов Ө.- Окутуучу, практика боюнча жетекчи
7. Калбердиев А.- Доцент, кафедра башчысы
8. Масиралиев Ш.- Ага окутуучу, кесиптик бирликтин төрагасы
9. Тажибаев С.- Ассистент, оку-усулдук кеңештин төрагасы
10. Эргешов У. – Комендант

Себептүү :

1. Юсуф Доган- Декандын орун басары
2. Козукулов Т.- Доцент,
3. Кадыров М.- Ага окутуучу

**Күн тартиби:**

1. **Биринчи семестредин жыйынтыгы жана андан келип чыгуучу милдеттер жөнүндө окуу иштери боюнча декандын орун басары А. Жусубалиев баяндамасы.**
2. **Факультеттин жана студенттик жатакананын санитардык эпидемиялык талаптарга ылайык даярдыгы жөнүндө декан З. Ажимаматовдун баяндамасы.**
3. **Ар түрдүү маселелер.**

**I маселе**

**Угулду:**

**Биринчи семестредин жыйынтыгы жана андан келип чыгуучу милдеттер жөнүндө окуу иштери боюнча декандын орун басары *А. Жусубалиев* 2020-2021-окуу жылынын кышкы сессиясынын жыйынтыгы менен тааныштырып чыкты.**

Scanned with CamScanner

*А. Жусубалиев*: Бакалавр программасынын студенттери 90% ийгиликтүү тапшыргандыгын айтты. 4-курстун студенттери толук тапшырып, ал эми Т(б)-1-20 тайпасынан 2 студент өз каалоосу менен окуудан четтетилип жатат. Т(б)-2-20 тайпасынын студенттери толук тапшырышты. Т(б)-1-19 тайпасынан Эргешов М. 2 предметтен жайкы сессияга калды, Базарбек у Б. сессияны тапшырбады. Т(б)-2-19 тайпасынан Гаипов Б. 2 предметтен, Алимбек у Самат 1 предметтен жайкы сессияга калышты. Т(б)-1-18 тайпасынан Азимбек у Б. 3 предметтен жайкы сессияга калды. Т(б)-2-18 тайпасынан Акылбек у Т., Машарипов Э., Курстанбек у М., Камчыбеков М.өз каалоосу менен окуудан четтетилип жатышат, Закиров Ж. 1 предметтен жайкы сессияга калды.

Колледж программасы боюнча Тс 9-1-19 тайпасы толук тапшырышты. Тс1-20 тайпасынан Нурбек у Бекболот экология предметинен жайкы сессияга калды. Исраилова Хуршида жана Муталипова Айзирек окуудан четтетилип жатышат. Тс9-1-20 тайпасынан Абдулхафиз к Мохинур, Замирбек к Мээрим сессияга кирбей жана Эсенов Абдухалил өз каалоосу менен окуудан четтетилип жатышат. Тс9-1-18 тайпасынан Ахмедов Алишер Россияга кетип калыптыр окубай турган болуп. Контрагын 7000 сом төлөнгөн экен. Тс1-19 тайпасынан Каримов Эрлан, Хакимов Диербек жана Шавкатбек у Анваржан Диндер тарыхы сабагынан жайкы сессияга калышты. Төрөбек к Миргуль жана Нурова Зиедахон турмушка чыгып окубай турган болушту.

Сөзгө чыкты *З. Ажимаматов*: Окубай турган студенттерди тактап арыз жаздырып окуудан четтетишибиз керек. Колледждин студенттери бакалаврдан айырмаланып контрактарын өздөрү төлөшөт, ошол себептен студенттерге жеткиришибиз керек, өз убагында арыз жазып кетпесе, 60 саат толгуча контракт эсептелинет. «Мен окубадымго, контракт да төлөбөйм» деп калышы мүмкүн. Арыз менен кайрылган убакытка чейин экономисттер контракт эсептеп чыгарып беришет. Ошол үчүн кураторлор, ар бир окубай турган студент менен байланышып туура маалымат бериңиздер!

**II маселе**

**Угулду:** Факультеттин жана студенттик жатакананын санитардык эпидемиялык талаптарга ылайык даярдыгы жөнүндө кеңештин төрагасы *З. Ажимаматов*: 1-10 февраль күндөрү короновируска каршы акция жүрүп жатат экен. Максат агай кабарыңыз барбы?

*Жумабаев М.:* Ооба бар, 3 факультет биригип зумда семинар өткөрөт биздин кезек келе элек. Көзөмөлдөп турам.

Scanned with CamScanner

*Ажимаматов З.:* Агайлар дежурствого турганбызго, ошол дежурствонун журналы ачылыш керек экен. Ар бир кезекте турган агай журналга кол коюп белгилениши керек. Бул формалдуу түрүндө болбосун урматтуу агайлар. Нөөмөтү келген агай саат 8:00гө келип кечки 18:00гө чейин факультетте болуу зарыл. Вахтерлордун жанында туруп студенттерди кирүүсүн көзөмөлгө алуу керек. Медиктердин графигин бизге ректораттан жөнөтүштү, ал жерден кайсыл врачтын кезеги болсо телефон номери менен белгиленген, ватсаптан сиздер менен бөлүшөм. Факультетке эч бир студент жана окутуучулардан беткапсыз кирүүгө жана жүрүүгө уруксат эмес, температурасын өлчөп, 38 градустан жогоруу болсо ордунан жылдырбай, кайсыл жерде турса, киргизбей врачтарга чалса алып кетишет. Ошондой эле 118 call центрге чалсаңыздар болот. Сырттан келген мугалимдерди жана коноктрду маскасыз кирүүгө мүмкүн эмес.

Университеттин № 3 жатаканасы студенттер үчүн изоляцияга берилген. Ооруп калган студент болсо, ошол жака жаткызып дарылашат.

Бир нече факультеттин киреберишинде стирильный коврик жок деп айтылды, алардын ичинде биздин факультет да бар.

*Комендант Эргешов У.:* Эртең беребиз деп кабар келди бүгүн АХЧдан.

*Ажимаматов З.:* Рапорт керек болсо жазып беребиз. Анан ар бир этажда 2ден гана антисептик турат, коридордун башында жана аягында, ошону 3 кылып койсок жакшы болот, коридордун ортосуна да.

*Комендант Эргешов У.:* Макул.

*Ажимаматов З.:* Кураторлор, кураторлук саат өткөрүңүздөр. Санитардык эпидемиялык талаптар боюнча маалымат бериңиздер. Ар бир студентте 2ден маска болсун, антисептик жанында жүрсүн, вирустун алдын алуу максатында таштандыга маскасын ыргытканда пакетке салып, байлап ыргытышсын. Себеби маскалар шамалга учуп вирустун жайылышына себепкер болушу мүмкүн экен. Ошондой эле студенттер дистанция сакташсын, суротко түшүп интернетке жүктөшкөндөр кезделиптир.

Чогулуштун аягында кеңештин төрагасы Ажимаматов З. К. №60-ФХД/21 18.01.2021-ж. буйругу менен тааныштырып кетти. Короновирус инфекциясынын жайылышыналдын алуу максатында окуу корпусунда санитардык эрежелерди сактоо бардык кызматкерлери жана студенттери милдеттендирүүлүсү боюнча. Буйрук тиркелет.

Scanned with CamScanner

**Ар түрдүү маселелер:**

**Угулду 1:** Факультеттин дисциплинардык комиссияны куруу жөнүндө талкуу жүрдү. Факультеттин деканынын комиссиянын курамына факультеттин деканын төрага катары, профком, кафедра башчы, тарбия иштер боюнча декандын орун басары жана декандын орун басарын мүчө катары сунуштады. Сунушту талкуулап, комиссияда жалаң жетекчилер болуп калгандыгын жана окутуучуларды жана аялдар кеңешинин төрайымын кошуусун Н. Арипов сунуштады. Комиссиянын курамын 3 адамдан 5 адамга чейин түзүүсүн да талкууга салышты. Талкуудан соң комиссиянын курамын 3 адамдан түзүлүүсүн жана курамында профсоюздук уюмунун төрагасы- Ш. Масиралиев, мүчө – профессор, декандын орун басары Юсуф Доган жана доцент Н. Ариповго токтолду.

**Угулду 2: Кеңештин төрагасы З. Ажимаматов:** Юсуф Доган агайдын демилгеси менен 1-2-3-4-курстардын студенттерине арналган 5 этаптуу бакалавр программасын өнүктүрүү максатында теологиялык багыттагы араб тили курсун уюштуруу пландаштырылууда. Бул боюнча Юсуф агайга сөз берилди.

**Юсуф Доган сөзгө чыкты :** Жогоруда айтылгандай факультеттин 1-2-3-4-курстардын студенттерине арналган 5 этаптуу бакалавр программасын өнүктүрүү максатында теологиялык багыттагы араб тили курсун уюштурууну пландап жатабыз. Курстун окуу программасы колуңуздарда, таанышсаңыздар болот. Курстун аягында тест өткөрүлөт. Тестин негизинде 60-70 балл алган студенттерге «Курска катышты», ал эми 70-100 балл алгандарга «Курсту ийгиликтүү аяктады» деп сертификат берилет.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, факультеттин Окумуштуулар Кеңеши токтом кылат:**

1. Биринчи семестридин жыйынтыгы канааттандырарлык деп табылсын.
2. Нөөмөткө туруу боюнча журнал ачылсын. Журналга жооптуу болуп тарбия иштери боюнча декандын орун басары Жумабаев Максат дайындалсын.
3. Санитардык эпидемиялык талаптарды аткаруу боюнча факультеттин коменданты Эргешов Улан жоопту болуп милдеттендирилсин.
4. Кураторлук сааттарда студенттер менен илдеттин алдын алуу максатында санитардык эпидемиялык талаптар боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча ар бир куратор милдеттендирилсин.

Scanned with CamScanner

5. Факультеттин дисциплинардык комиссиянын курамы төмөндөгүдөй бекитилсин:
Төрага - профсоюздук уюмунун төрагасы Масиралиев Шумкар
Мүчө- декандын орун басары Юсуф Доган

Мүчө- доцент Арипов Ниязали
6. Факультеттин дисциплинардык комиссиянын курамы жөнүндө билдирүү жазып жана буйрук чыгаруу боюнча деканаттын катчысы А. Керимкулова милдеттендирилсин.
7. Теология факультетинин бакалавр программасын өнүктүрүү курсун уюштуруу ишин алып баруу профессор, Юсуф Доганга дайындалсын.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**
**Кеңештин катчысы** **А.Керимкулова**

Scanned with CamScanner